# ЮРИДИКАЛЫК АДИСТИКТЕРДЕ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУДА ООЗЕКИ РЕЧТИ ӨСТҮРҮНҮН МААНИСИ

**РАЕВА Т.Т.**
**ualibrary@mail.ru**

*Макалада кыргыз тилин юридикалык адистиктерде окутууда оозеки метод, окутуунун педагогикалык жана методикалык жактан туура уюштурулушу тууралуу сөз болот.*

*At this article we can read about oral method and the orgazations of pedagogical and methodical ways of learning in teaching Kyrgyz language as a non native language in juridical proffessions.*

Мамлекеттик тил жөнүндөгү кабыл алынган мыйзамдын аткарылышын камсыз кылуу максатында Республикада мамлекеттик тилди жогорку окуу жайларында окутууга өзгөчө маани берилип, бул багытта аткарылуучу иштер конкреттү аныкталып калды десек болот.

Азыркы мезгилдеги кыргыз тили предметинин абалы менен жакындан таанышып чыгып, аны окутууну жогорку деңгээлге көтөрүгө, аны окутууга жаңыча мамиленин керектигине, бардык жагынан мазмуну да, структурасы да түп-тамырынан бери өзгөрүгө муктаж экендигине ынандык.

Окутуунун мазмуну кыргыз тилинде сүйлөй билү боюнча студенттердин кызыгууларын, муктаждыктарын камсыз кылуусу зарыл. Албетте, окутуунун мазмунун аныктоодо кийинки курстарда аткарылуучу иштерди көңүлгө алуу керек.

Оозеки речти өстүрүнүн тематикасын тандоодо ал темалардын студенттердин кызугууларына жана речтик байланыштын талаптарына төп келишин, мазмундарынын түшүнүктүлүгүн, мурда өтүлгөн материалдын кийинки темаларда кайталоого мүмкүндүк болушун жана башка кыйла факторлордун тобун эске алуу зарыл.

Окутуучунун алдына студенттерде кыргыз тилин практикалык пайдалана билү көндүмдөрүн калыптандыруу милдети коюлган. Ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоодо кыргыз тилин «практикалык пайдалана билү» деген түшүнүк эмнени билдирет? Бул баарыдан мурда студенттер жогорку окуу жайында алган билимин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн өздөрүнүн күндөлүк жашоосунда бир нерселерди баамдап билүнүн куралы катары пайдалана алууларын билдирет. Студенттин күндөлүк жашоосу окуудан, коомдук жана өзүмдүк пайдалуу эмгектен, турмуш-тиричилигин, жеке кызыгууларынан, спорттук жана башка оюндардан, көңүл ачуулардан турат. Демек, тилди практикада пайдалана билү студенттин күндөлүк жашоосунун аталган түрлөрүнүн ар кандай кырдаалдарынын табигый шарттарында өздөштүрүлгөн тилдик жана речтик материалды колдоно билү дегенди билдирет. Ошондуктан студенттер үчүн адвокаттык, тергөөчүлүк, соттук иш аракеттер менен тыгыз байланышкан темаларды тандап алуу зарыл.

Речтик темаларды тандоо жана окуу жылдары боюнча бөлүштүрү биринчи курстарда өздөштүрүлүчү тилдик материалды туура уюштурууга жардам берет. Ар бир тема боюнча кандай иштөө керектигин баяндоо менен бирге ага тиешелү лексика, фразеология, синтаксистик конструкциялар кошо сунуш кылынышы талапка ылайык.

Тигил же бул фразалардын, конструкциялардын ирээтин аныктоодо юристтик кесипке керектүлүгүнөн башка да алардын жөнөкөй-татаалдыгы эске алынат. Мисалы, биринчи окуу жылында жөнөкөй, кийин татаал фразалар берилет.

Ар бир темага лексиканы тандоодо ага тиешелү сөздөр толук камтылат, себеби бир эле тема боюнча узак убакыт сабак өтү студенттерди зериктирет, алардын активдүлүгүн төмөндөтөт. Темалар боюнча сөздөрдү тандоодо ал сөздөр адвокат, сот, тергөөчү кесибине байланыштуу окуяларды, заттарды жана кубулуштарды билдиришине, кызыгууларды туудурушуна, юридикалык терминдердин сөзсүз камтылышына өзгөчө маани беришибиз керек. Ошондуктан лексикалык материалга конкреттү зат атоочтор, этиштер арбын киргени туура.

Студенттерди кыргыз тилине окутуу методикасы мектепте окутуунун методикасынан орчундуу айырмаланат. Бул айырмачылыктар биринчи кезекте курактык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Ошондуктан ал өзгөчөлүктөргө кеңири токтолууга аракет жасап көрөлү.

Студенттердин психологиясынын мүнөздү өзгөчөлүктөрүн алардын ойлоосунун конкреттүлүгү, калыптанып калгандыгы түзөт. Алардын сезимдери көрсөтмөлүлүккө таянат, бардык нерселерди конкреттештирүгө умтулушат. Студенттердин бул өзгөчөлүктөрү окутуунун көрсөтмөлүлүгүн, конкреттүлүлүгүн, ачык- дааналуулугун, түшүнүктүлүлүгүн талап кылат. Окутуучунун студенттердин кабыл алуусун туура уюштура, аң-сезимдү жүргүзө жана байкоо жөндөмдөрүнө айландыра билиши зор мааниге ээ. Анткени, студенттер окшош обьектилерди жетиштү ажырымдашат, затты же кубулушту божомолдогондон көрө кунт коюп изилдөөгө умтулушат. Окутуучу аларды материалды так, даана, максаттуу кабыл алууга үйрөтүсү зарыл.

Студенттердин кунт коюусу туруктуу. Бул кунт коюуну топтоп, бир нерсеге токтото алуунун күчтүлүгү, таасирденүлүктүн арбындыгы менен түшүндүрүлөт. Мындан окутуунун башталгыч мезгилинде сабактардын жандуу, динамикалуу, кызыктуу болушунун, студенттерге эң керектү билимди гана берүнүн, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруунун гана эмес, алардын кунт коюусун тарбиялоонун муктаждыгы келип чыгат. Окуу материалын пландоодо алардын эмгектенүсүнүн түрлөрүн тез алмаштыруу керек. Студент эмгектен эмес, анын бир түрдүлүгүнөн чарчайт. Эмгектенүнүн түрлөрүн ылдам өзгөртүп туруу алар үчүн эс алганга тете. Кыргыз тилине окутууда окутуунун ар түрдү ыкмаларын колдонуу парз. Мисалы, жаңы сүйлөм менен иштегенден кийин бир аз ойносо (заттарды жашыруу, сөздөрдү табуу ж.б.) болот. Анан диологго өтү пайдалуу, аны ырдоо менен алмаштырат.

Эрктин, экинчи сигналдык системанын жөнгө салуусунун жетиштү өнүккөндүгү студенттерде эрксиз кунт коюуга караганда эрктү кунт коюунун арбындыгына алып келет. Ошондуктан окутуучуга окутууну студенттердин кунт коюусун дайыма топтой алгыдай уюштуруусу керек. Бул маселенин бир гана жагы. Анын экинчи жагы окутуучу студенттердин эрктү кунт коюусун андан ары өнүктүрүсү зарыл. Кандайдыр бир өлчөмдө бул студенттердин алдына жетишээрлик түрдө так, түшүнүктү, жөнөкөй милдеттерди коюу менен камсыз кылынат. Башкача айтканда, бүтүндөй окуу жылына жана ошондой эле ар бир конкреттү сабакка окуу милдеттерин так түшүндүрү өтө чоң окуу тарбиялык мааниге ээ.

Студенттерде логикалык эске тутуу да, көркөм элестү эске тутуу да жакшы өнүккөн. Алар конкреттү заттарды, окуяларды, адамдарды, фактыларды жакшы эстеп калышат. Ошондуктан бул этапта сөздөрдү конкреттү заттар жана кыймылдар менен байланышта берү – тилди өздөштүрүнүн керектү шарты.

Тилди үйрөнүдө оюн чоң мааниге ээ. Кыймыл оюндары студенттин денесинин өнүгүшүнө, кыймыл энергиясынын туура зарпталышына кызмат кылышат.

Ойноону каалоону кыргыз тили сабактарында ыгы менен пайдаланган туура. Оюнду окутуунун методдорунун жана окууга кызыктыруунун маанилү түрү катары пайдалануу керек. Кыймыл жана башка оюндарды окутуучу жаңы материалды түшүндүрүдө, аны өздөштүрүдө, кайталоодо, суроодо студенттердин билимин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн текшергенде колдоно алат.

Педагогикалык жана методикалык жактан туура даярдалган окутуу, окутуунун режими чоң окуу-тарбиялык мааниге ээ. Сабактын ар бир бөлүгү: уюштуруу учуру же кайталоо, жаңы окуу материалын түшүндүрү же бышыктоо студенттердин жаш жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн, сабактын башкы максатын, кыргыз тилинин окуу предмети катары өзгөчөлүктөрүн, алардын тандап алган юридикалык кесибин эске алуу менен пландаштырылат жана өткөрүлөт. Сурап жатканда студентти чыдап, урматтап, кунт коюп угуп, ага ойлоого мүмкүндүк берип, толкундануусун, уяңдыгын жеңүгө жардам берү зарыл.

Кыргыз тилине окутуп жатканда студенттерге жеке мамиле жасоо өтө маанилү. Албетте, жеке мамиле жасоо тайпа менен жалпы иштөөгө карама-каршы коюлбайт, тескерисинче алар бири-бирин менен айкалыштырылып жүргүзүлөт. Кыргыз тилине окутууда окутуучу студенттин сүйлөө аппаратынын абалын, өнүгүшүн, сүйлөөдөгү, угуудагы дефекттерин жана башка жагдайларды эске алат. Окутуучу абдан сыпайгер, чыдамкай, сезгич болуп, туура эмес сүйлөгөн баланы шылдыңдоого жол бербейт, студенттерди колдоп, ишенимдүлүгүн арттырып, ал өздөштүрө албай жаткан материал боюнча кошумча иштөөнү уюштурат. Чындыгында кыргыз тилин бардык студенттер өздөштүрө алышат. Туура уюштурулган сабактар алардын сүйлөө аппараттарын өнүктүрөт. Речтик дефекттери бар студенттер менен окутуучу көбүрөөк иштейт, алардын туура сүйлөөсүнө жетишет.

Студенттерди окутуунун коллективдү түрлөрүнө да ынтызарлык менен тартуу керек. Муну окутуучу кыргыз тилин окутууда эптүлүк менен пайдалана алат. Студенттер коллективин

оозеки речтик көндүмдөрдү өстүрүгө жана шыдыр айтуу деңгээлине жеткирүгө багыттап пайдалануу маанилү.

Кайсы убакта хор менен жалпы сүйлөө, кандай учурда катарлар боюнча иштөө же жуптар ортосунда диалог уюштуруу максатка ылайыктуу экендигин да окутуучу тыкаттык менен пландап алуусу абзел. Ишти туура уюштуруп, сабактан тышкаркы мезгилде, эс алуу убагында, танаписте, ойноо учурунда да студенттердин өз ара кыргызча сүйлөшүлөрүн камсыз кылууга болот. Студенттер кыргызча сүйлөөгө кызыгуусу жана андан канааттануу алуусу маанилү, алар кыргызча сүйлөшүнүн туура жүрүшүн өз ара текшерүсүнө жетишү керек.

Студенттердин сабактан тышкаркы учурларда өз ара кыргызча сүйлөшүлөрүнүн мааниси абдан чоң. Себеби сүйлөшү буйруксуз табигый түрдө эркин жүргүзүлөт. Кыргыз тилине окутууда бир мүчүлүш бар: студенттердин оозеки речин биз жасалма речтик кырдаалдарда өстүрөбүз; сабак убагында ашканада же эс алууда жүргөндө кандайча сүйлөшүгө болоорлугуна үйрөтөбүз. Ал эми сабактан тышкаркы учурларда кыргызча пикирлешү мына ушул жасалмалуулукту кандайдыр бир өлчөмдө четтетет.

Кыргыз тилин окутууда ойноо элементтери, кызыктуулук, жандуулук окутуунун студенттердин күндөлүк турмушу, иш-эмгеги менен байланыштуулугу чоң мааниге ээ экендигин жогоруда белгилеп өттүк. Алгач окутуу оозеки метод менен жүргүзүлөт, андан ары деле оозеки методу окутуунун биринчи жылында кыргыз тилин окутууда башкы метод болуп кала берет. Кыргыз тилине окутуунун башкы максаты – оозеки речтик көндүмдөрдү калыптандыруу. Бул максатка иштөөнүн оозеки түрлөрү көбүрөөк ылайык. Окутуунун оозеки методунун өзөгүн сүйлөө түзөт. Оозеки речке сүйлөп гана үйрөнү мүмкүн экендиги талашсыз. Башталгыч этапта студенттерге кыргызча речти угуп кабыл алууга машыгууга кеңири мүмкүндүк берү зарыл. Алар угуу үчүн тандалган речтик темалар: мыйзамдар, укуктук суроо-жооптор, арыз жана даттануулар, соттордун көз карандысыздыгы, сот аркылуу коргонуу укугу, кылмыш жана жаза кодекси сыяктуу материалдарды камтуусу талапка ылайык.

Биринчи жарым жылда бүт күчүбүздү оозеки речти өстүрүгө топтоп, жазууга жана окууга үйрөтүдөгү кыйынчылыктарды четтетип, кыргызча оозеки речти шыдыр айтууга машыктырабыз. Оозеки көнүгүлөр алардын активдүлүгүн арттырышат, алардын сабакта кызыгуусун арбытат. Окутуунун оозеки түрлөрү студенттердин ойлоо сезимдерин козгойт, сабактарга ачык сезимдүлүктү киргизет, акырында барып сабактын натыйжалуулугун көтөрөт, чыгармачылыкка тартат. Аталган артыкчылыктар оозеки иштөө методунун терең талдоону азайтуу, эске тутууну төмөндөтү өңдү кемчиликтерине салыштырганда басымдуулук кылышат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилине окутуунун алгачкы этабында оозеки иштөө методун көбүрөөк колдонуу менен мындай абалды окутуунун бардык этаптарында өзгөрүсүз калтырууга болбойт. Экинчи, үчүнчү семестрлерде оозеки метод тилдик материалды окутуунун максатына, студенттердин курактык, жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша башка ар кандай методдор менен айкалыштырылышы керек. А түгүл биринчи курстун экинчи жарымынан баштап эле мурда оозеки түрдө алдын ала өздөштүрүлгөн материалды керек учурда окутууга, жаздырууга мүмкүндүк болуп калат.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Абылаева Н., Ибрагимов С., Сарылбекова З. Кыргыз тили. -Б., 2002
2. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин I-XI класстары үчүн кыргыз тилинин программасы. – Бишкек, 1997, 88б.
3. Осмонкулов А., Козубекова Т., Ибраимова Ж. Кыргыз тили юристтер үчүн. –Б., 2008
4. Раева Т.Т. Орус мектептериндеги кыргыз тили окуу китептеринин тарыхынан. – Каракол, 2003, 56б.
5. Сарылбекова З.С. Кыргыз тилин кырдаалдык негизде окутуу. (жаңы типтеги мектептердин мугалимдери үчүн кошумча окуу куралы). – Бишкек, 2007, 206б.